**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ 1160 от «13» 10 2020 г.

Сизд.чыг. (На) №________ «___» ________ 20__

**Жалал-Абад шаарынын, Базар-Коргон айылынын тургуну А.Абдрахмановко**

Борбордук шайлоо комиссиясы Сиздердин 2020-жылдын 2-отябрында №01/2576 түшкөн арызыныздарды карап чыгып төмөнкүлөрдү маалымдайт.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесинин 1 бөлүгүнө ылайык талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкү документтерди берет:

1) саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечимин;

2) талапкерлердин тизмесине киргизилген ар бир талапкер тарабынан толтурулган, өмүр баянын жана башка маалыматтарды көрсөтүү менен талапкер жөнүндө маалыматтардын атайын формаларын, паспортунун көчүрмөсүн, иштеген же окуган жеринен маалымдаманы, башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө, соттолгондук жөнүндө маалыматтарды, чет мамлекеттин жарандыгы (ошондой эле мурдагы жарандыктары, башка жарандыктары) бар же жок экендиги жагынан жекече маалыматтарын иштетүүгө жазуу жүзүндө макулдугун;

3) шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн ырастоочу документти.

Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүчү документтер саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы көрсөтүлгөн документтерди берген адамга аларды алгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө ырастама (маалымдама)

берүүгө милдеттүү. Ырастама (маалымдама) документтер берилгенден кийин токтоосуз берилет.

Ал эми, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 3-сентябрында №117 чечими менен «Мекеним Кыргызстан» саясий партиясынын талапкерлердин тизмеси катталган. Каттоо учурунда саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн мыйзам талаптары бузуулар аныкталган эмес.

Ушуга байланыштуу, Борбордук шайлоо комиссиясы Сиздердин кайрылууңуздарда көрсөтүлгөн Э.Акунбековту жана А.Талибаевди тизмеден чыгарууга мыйзам алкагында негиз жок экенин маалымдайт.

**Руководитель Рабочей группы**
**Член ЦИК КР** **А. Асаналиев**